# КӨК КАРЫШКЫР ЖАНА КӨӨНӨ ТАРЫХ

**Абдыкерим МУРАТОВ**
Педагогика илимдеринин кандидаты

Адам баласы кайдан келип чыккан? Алардын түпкү ата–бабалары кимдер? Кайсыл уруу, урук, эл, улут түпкү теги боюнча башка кайсыл уруу, урук, эл, улут менен жакындашат? Тектештик, кандаштык деген өзү эмне?

Биз окуган Ф. Энгельстин айтылуу теориясына, б.а. адамдардын маймылдан тарагандыгы тууралуу окууга чейин эле адамзат өздөрүнүн башаты кайдан чыккандыгы жөнүндө ой калчашып, алар ар кыл мифологиялык ой жорумдарды айтышкан, кандайдыр бир жан–жандыктар менен ортолорунда байланыш, окшоштук издешкен, ажырап, алысташып, чачылып кеткен уруу–уруктардын түбүн ошентип бириктирүүгө аракет кылышкан. Элдин бул түшүнүгү кылымдан кылымга өтсө да ошол элдин кийинки муундарында жашай берген, атадан балага өтө берген, уруулар чачылып, тозуп, түгөнүп, түпкү башатынан алыстай беришкен, бирок аларды бир жакындык, бир өзөк нерсе ар дайым ар кыл ракурста бириктирип турган. Мына ошол нерсе –түрк урууларынын келип чыгышы, т.а., алардын карышкырдан тара–гандыгы жөнүндө байыртан азыркы күнгө чейин айтылып келаткан сөздөр. Анда айрым бир тарыхый–мифологиялык булактарга назар таштап көрөлү:

IV кылымда азыркы Кытайдын түндүк жагы хунну жана сянби деген көчмөн уруулар тарабынан каратылып, ошол жерде бир нече майда–майда мамлекеттер пайда болот, ошолордун ичинен төбө уруусу кыйын чыгып, чачыранды урууларды бириктирип, 420–жылы Вэй мамлекетин негиздешет. Мына ошол согушка катышкан Муганю хун хандыгында "500 бүлөлүү ашиналар" жөнүндө айтылат, алар ушул урушта, 439–жылы Алтай тоолоруна качып кетишет. Мына ошол ашиналар жөнүндө ар кандай сырдуу сөздөр кытай жылнаамаларында кезиге баштайт. Н. Я. Бичуриндин эмгеги боюнча кытайлар У–ху деп аталган мезгилде ошол ашиналардын беш жүздөй үй–бүлөсүн Ту–кю дешкен, бул сөздү П. Пельо "түрк–йурт" ("түрк журту") деп чечме–леген, "түрк" деген кеп "күчтүү", "бакубат", "айбаттуу" деген мааниде дешет. Дагы бир тарыхчы, түрколог Л. Н. Гумилев "ашина" деген сөз "бөрү", "карышкыр" деп чечилерин жазган (**Гумилев, 1993: 22**). Айрым окумуштуулар "ашина" деген монголдордун "шоночино" (котормосу–"бөрү", "карышкыр") деген сөзүнөн келип чыгарына токтолот, мындагы "а" кытай тилиндеги сыйлоо маанисин билдирген префикс, "шоно", демек, "шина", андан–"ашина", бул "бөрү" сөзүнө сыйлоо маанисин кошуп, "урматтуу кырышкыр" деген маанини туюнтуп калат экен.

Дагы бир ой жоорум, атап айтканда, азыркы кыргыз тилиндеги "бөлтүрүк" деген сөз, муну кандайдыр бир даражада–"бөрү"+"түрк" деген сөздөрдүн түшүндүрмөсү катары кароого болот.

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

XX кылымдагы түрк элдеринин мыкты жазуучусу жана ойчулу Чыңгыз Айтматовдун бир айтканы бар: бир жолу Москвада—метродо келатса эле бир аял—окурманы чыгып, ага тике карап, сиз карыш—кырсыз дегендей сөз айтыптыр, дагы бир жолу адам эки өмүр сүрөт дейт, балким сиз мурдагы өмүрүнүздө карышкыр болсоңуз керек десе, жазуучу "балким" дейт. Демек, биздин азыркы түрк кандуу адамга анын түпкү тегин карышкырга алып баруу эч кандай эле таң калтыр—байт. Казак жазуучусу М. Ауэзов "Көк серек", кыргыз жазуучулары Т. Сыдыкбеков "Көк серек", Т. Касымбеков "Көк жал" деген аңгемеле—ринде, Ч. Айтматов "Кыямат" романында карышкырдын образын адам катары символдошторушу, адам менен ассоциациясын аябай терең бериши бекеринен эместей. Бөрүнүн жашоо—турмушун түрк жазуу—чуларындай түрө тартуу кыйындыр...

Башка бир уламыш VI кылымдын орто чендеринде кытай жылнаа—маларында жазылып калыптыр. Бул материалды наамачыга бир түрк уруусунун өкүлү айтып берген болуп чыгат. Анын айтуусуна караганда, түрк урууларынын ата—бабалары саз жээктеп жашап турат, ошондо аларды дагы бир кошуна уруулар чаап алат, ал кызыл уук чапкандан он жашар бир бала кандайдыр бир аман калат да, ал кийин карышкырга үйлөнөт, ошол канчык бөрү тоого качып, Гаочандын түндүгүндө бир үңкүрдө он бала төрөп, аларды жетилтет, мына ошолордон ашина уруусу тарап, ал балдардын бири Асян—шад жарым жандык, жарым киши кейпиндеги нерселерди үңкүрдөн алып чыгып, Алтайдын түздүк—төрүнө жайгаштырат.

Түрк урууларынын ушуга окшогон карышкырдан келип чыкканын баяндаган дагы ушундай эле эки уламышты Л.Н. Гумилев "Древние тюрки" деген эмгегинде эскерет: Со аймагында жашаган 70 бир тууган болуптур. Алардын эң улуусу Ичжини—Нишыду экен. Бир жолку чап—кындан ал аман калат, өзү карышкырдан туулгандыгы жөнүндө айтылат, анын эки пери—жай пери жана кыш пери аялдары болуп, алардан төрт уулдуу болот. Бир уулу—эң улуусу Надулу—шад экен. Аны каалаган кезде жылуулукту чакыра алгандыгынан Тукюе деп аташкан, өкүм—дарлык вазийпага да жеткен, ошол Тукюенин онунчу аялынын кичүү уулунун аты Ашина болгон. Ал баарынан бакка мыкты секиргени үчүн Ахянь—шад деген ысым берип, падыша көтөрүшкөн. Анын Бумын деген уулунан Алтайда алгачкы түрк кагандыгы негизделген.

Деги эле мындай уламыштар тегин жерден пайда болбойт, бир элден, бир уруудан гана угулса бир жөн эле. Түрк элдеринин ата—теги менен карышкырларды байланыштырган уламыштар, легендалар көпчүлүк түрк жана түрк эмес элдердин түрктөр жөнүндөгү баяндары—нда байма—бай учурайт: алтайлыктардын байыркы мифи боюнча ошол элдин бабасы Ак Тойчуну ак карышкыр куткарып, аны тез жетилдирүү, адам катарына кошуу үчүн жапайы маралдын сүтүн берип багат; монголдор да өздөрүн шонолордон (бөрүлөрдөн) тараганбыз дешет; "Огуз—наамада" таң эртең Огуз кагандын чатырына Күн сыяктуу жарык кирет да, ал жарыктан көк түктүү көк жал, чоң эркек бөрү чыгат. Байыркы хундар б.з.ч. эле Ак Бөрү тууралуу тотемдик улама—санжыраны айтып келишет да, ал боюнча көк түрктөр көк жал бөрүдөн келип чыгат" (**Сарыпбеков, 1987: 54—55**).

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

Алтайлыктардын диний ишеними ламаизм менен шаманизмдин тогошуусундагы дин—бурханизм. Бул сөздү байыркы доордогу түрк уруусун бийлеп турган Бөрүхан деген кишинин атынан чыккан дешет (**Цирульников, 2001: 20–январь**). Андай болсо, Бөрүхан менен жаны—бар бөрүнүн байланышы жокпу?

Ошондой эле дагы бир түрк элдери азыркы—башкырлар. Дүйнөлүк эң байыркы тарых Геродоттуку деп жүрөбүз. Ал грек аалымы б.з.ч. V кылымда жашап өткөн, бирок ал өзү жашаган мезгилден эки кылым илгерки тарыхый булактарга таянып башкырлар тууралуу да айта кет—кен. Ошол эң эзелки башкырлар (тагыраагы—башкорттор) да өздөрүнүн түпкү тегин карышкырлар менен байланыштырганы кызыктуу факт. Алар "баш"—"голова", "главный" деген сөздөн чыккан. "корт" дегени болсо—"карышкыр", "бөрү" деген маанини билдирерин айтат. Демек, азыр Орусиядагы чоң улуттардын бири болгон башкорттор "башкы карышкыр", "бөрүлөрдүн башчысы", "үйүрдүн жетекчиси" деген мааниде экен. Бул элдин оозеки чыгармачылыгында алар мерген менен ургаачы бөрүдөн улам тарагандыгы тууралуу айтылат.

Хакастардын ичинде да "чити пүүр" ("жети бөрү") уругу барын, алар ак бөрү, кара бөрү, көк бөрү болуп жиктелип кетерин тарыхчы—этнограф Бутанаев жазып чыкты.

Түркия түрктөрүндө "Бозкурт" деген партия—бирикме бар, алар жыйындарында карышкырдын белгилери менен ураан чакырып, карышкырды символ катары желектеринде, мөөрлөрүндө ж.б. атри—буттарында пайдаланышат.

Түрк элдеринин эпикалык мурастарынын көрүнүктүүлөрүнүн бири "Огуз—наамада" Огуз каан (кан) жортуулга чыкканда көк карышкырды жол баштоочу кылып алат, "көк жал бөрүсү жолдоп" жүргөнү, бала чакты бели—карышкыр белиндей болгону айтылат.

Эмне, булар байыркы түрктөрдүн келип чыгышын чечмелеген архаика—лык—мифологиялык доордун фантастикалык бир ой жоромолдорубу, же кандайдыр бир реалдуу сыяктуу илешкен негизи барбы? Ырас, мында мифологиялык аң—сезимдин алгачкы деңгээлинде турган элдердин тотемдик түшүнүктөрү болушу мүмкүн, мүмкүн эле эмес—бар, бирок бир нерсе таң калтырат—эмне үчүн башка жаныбар эмес—карышкыр!

Анда карышкырдын табийгый жашоо шартына, жалпы физио—логиясына жана жашоо образына кайрылып көрөлү: бөрү—күчтүү жаныбар, кекчил, тартынбас, тайсалдабас, терисин сыйрып атса да "кыңк" дебес көкжал. Мына ошон үчүн түрк тайпалары түпкү башта—лышын карышкыр менен байланыштуу карар. Ошол түрктөр пайда болгондон 1—2 кылым өтпөй бүт Азияны багынтып, улуу хандык түзүп атпайбы, балким ошондо карышкыр ханы, бөрүнүн руху колдогондур деген түшүнүк жашайт.

Т. Сыдыкбековдун "Көк асаба" деген байыркы тарыхты баяндаган романында көптү окуп, көп билген жазуучу мындай сүйлөмдөрдү жазат: "Табгачтар Лай—Фу кызын бөрүлөрдүн Лайфу канышасы дешти. Бөрүлөр аны жол апа дешти" (**Сыдыкбеков, 1989: 168**). "Бир айтка—

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

ным—киши уулу Жер бетине келгенде, ол, ач—ток болду. Азды, адашты. Жалгыз калган уул—кыз бөрү эмчегин эмди. Жерге түшкөн урук тамырлап кетир. Адам уулунда эки кишинин урушу да, эки уруунун чабышы да шол бөрү мүнөздөн уланып калды" (**Сыдыкбеков, 1989: 236**). Дагы бир жерде (**Сыдыкбеков, 1989: 370**) жазуучу байыркы кыргыздардын "бөрү тытыш" деген оюну болгону тууралуу жазат.

Ырас, карышкырды тотем кылуу түрк элдеринде өтө кеңири учураса да, андай түшүнүк башка бир катар элдерди, уруу—уруктарды да кыйгап өткөн эмес. Байыркы грек уламыштары боюнча Ромула менен Ремди карышкыр багып, сүтүн берип чоңойтот, мына ошондон байыркы Рим шаары негизделет, илгерки иран мифтеринде да Кираны канчык өстүрөт, осетин мифологиясынын каарманы Тутыр карыш—кырлардын кожоюну катары аларды үйрөтүп, аны кадимки жан досундай көнүктүрүп алат, нарттардын элдик эпосунун башкы каар—маны Сауайя канчыктын сүтүн ээмп өсөт, байыркы индус эпосу "Махабхаратанын" каарманы Бхима "карышкыр дене" катары сүрөт—төлөт, Түндүк Американын индеецтеринин глинкит урuусу карыш—кырды өздөрүнүн тотеми катары санашат. Өтө көп элдердин миф—теринде карышкыр согуш кудайы, жоокерчиликтин пири катары улуу урмат менен айтылат. Бирок, мына ушулардын ичинен Түрктөр менен Бөрүлөрдүн байланыш, карым—катышы өзгөчө орунда. Мында жалаң эле этногенетикалык миф жатпагансыйт. Кандайдыр бир терең, ички, сырткы байланыш бардай. Өзгөчө Улуу Түрк каганатына чейинки мезгилде. V—VI кылымда кытай авторлору "түрк ханы" деген сөз менен "карышкыр" сөзүн маанилеш катары карайт, алардын аскербашылары түрктөрдү басып кирерде "көчмөндөрү кубалап, бөрүлөрдү чабабыз" дешчү экен. Кытай жазма булактарын мыкты билген тарыхчы Бичурин болсо түрктөрдүн туусунда алтын жиптер менен саймаланган карыш—кырдын башы коoздоп турганын айтат, балким ушундан болсо керек, калмактардын кыргыздарды "бурут" дегенин алардын желегиндеги сүрөткө байланыштырган пикирлер бар, "бурут" деген сөз "бөрү" жана "ит" деген сөздөрдүн кошундусунан болуу керек дешет. Фирдоуси "Шах наме" поэмасында "Кешваре горсар" ("Бөрүлөрдүн журту") жөнүндө кеп кылат. Орто кылымдардагы түрк хандыгынын эң мыкты куралданган, тандалма, согушчан жоокерлери "фули" (кытай сөзү), "бөрү" (түрк сөзү) деп аталары жөнүндө жазылып калган.

Бөрү деген ат адам ысымы катары кыргыз—казакта (Бөрүбай, Бөрүкан, Бөрүтай, Бөрүгүл, Бөрүжан, Бөрүбүбү Бөрү, Серек, Серекбай ж.б. формаларда), башка түрк элдеринде (Бозкурт, Башкурт) кеңири тараган. Түрк ханы Төбө 572—жылы өз уулу Бөрү ханга утургулардын жерин (азыркы Кубан аймагы) бөлүп бергени жөнүндө айтылат (**Гумилев, 1993: 58**). Азыр да кыргыздарда Адигененин бир урууусу—бөрү. Алар байыркы урuулардан. Мен өзүм да ошол урууданмын. Шу тапта бөрүлөр Өзбекстандын Анжиан атарабында, Кыргызстандын Ош облусунун Ноокат, Кара—Суу, Кара—Кулжа райондорунда чогуу—чаран жашайт.

Же дагы бир элдик этикалык түшүнүктөрдү, калк педагогикасынын, мифологиясынын, медицинасынын байыркы издерин аңтарып көрсөк: ар кандай оор дарттарга чалдыкканда, кырсык басканда ошол кишини бөрү терисине ороп жаткызат, наристенин бешигине карышкырдын

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

тырмагын тагып коюшат, ал болсо, баланы ар кандай жамандыктардан, кырсыктардан сактайт, баланы байыркы баба (тотем) колдоп турат деген ишенимден келип чыккан. Кытайлык кыргыз санжырачысы Үсөйүн ажы кыргыздарда бөрүнүн чүкөсүн, тырмагын тумар кылып тагынарын, баласы токтобой жүргөн үй—бүлөлөр балалуу болушканда ошол наристени жаңы союлган бөрүнүн оозунан өткөрөрүн жазып чыкты.

Элдик этнограф, өзү Тажикстанда жашап, мергенчилик менен бар—баган жери калбаган, натуралист—жазуучучулук менен да шугурланган Тайтөрө Батыркулов кыргыздар бөрүнү жаман көрбөгөндүгүн, малын жедирип, жаны ачыган убактарда гана «карышкыр» деп каргап коерун айтып келип, минтип жазат: «Кыргыздын уул—кыздарына бөрүнүн атын коюштун дагы бир себеби бар. Эгер балдары наристе маалында көп каза болсо, ошондо кийинки баласы төрөлөөр замат өлбөсүн деп ырымдап, наристени бөрүнүн оозунан өткөрөт. Ошондой ырым иштер үчүн бөрүнүн оозу күн мурунтан даярдалат. Мисалы, өлтүрүлгөн бөрүнүн терисин сыйрыганда оозунун жээгин тегерете туюк кылып кесип алат да, бир нерсе өткөрүп, керип катырып коет. Андай оздон наристе бала эмес, беш—алты жашар баланы да өткөрүп жүрүшөт. (**Батыркулов, 1999: 24—апрель**)

"Манаста" анын кырк чоросу "көксөө куйрук көк бөрү", "көк жал Бакай даанышман", "кара кылды как жарган, кара көк жал эр ошол" (Бакай), "Айкөл Манас көк жал" деген сыяктуу эпитеттер кандайдыр бир даражада эл түшүнүгүндө Карышкыр менен Адам байланышынын дарегин каңкуулайт. Чокан Валиханов жазып алган вариантта айтылып жатпайбы: "Каны бир кара, бети көк, боору чыбыр, сырты көк... баатыр бир Манасын сурасаң, көк жолборс дөбөт бөрү эле". Демек элдик баатыр—идеал каарман менен Көк Бөрү көркөм параллель коюлат, алар көп жагынан окшош, эпостун сюжетине кайра үңүлөйлү: Манасты жаш чагында Ошпур аттуу койчуга берет, ошондо кой жайып жүргөн болочоктогу баатыр бир козусун бөрүгө алдырат, ошол Көк Бөрүнү кууп аскадагы үңкүргө кирет, Көк Бөрү ал жердеги кырк чилтендин башчысы болуп чыгат да, Манастын кыяматтык колдоо—чусуна айланат. Түрк элинин баатыр уулу катары кадимки кыргыз уулу Манас жана түрктөрдүн түпкү тегинин башаты болгон Көк Бөрү ошентип кезигишет. Бул манасчылардын жөн гана көркөм пареллели эмес, мында Эне менен анын бир урпагынын тогошуу түйүнү символ—доштурулган, мында Эне—Колдоочу—Эл коргоор баатыр биримдиги бир жипке тизилген. Бул зооантропоморфтук ой жоруу жөн эле жерден келе калбагансыйт, Манастын биринчи кезекте колдоочусу — ал түпкү Бабасы экендиги, эми ал кыяматтык жан шериги болорлугу тууралуу ойлор каңкууланат. Бул деген мындай караганда Манасты башталыштан тартып түбөлүктүү кылуу идеясы. үңкүрдө балага көрү—нүп, анан кайып болгон Көк Дөбөт жөн гана катардагы бир жандык эмес, ал Манасты ата—бабалары бүт колдойт деген, Манас баатыр өткөнгө да, келечекке да керек деген элдик тилек—ой.

Түрктөр көркөм баяндарына, тарых—таржымалдарына, көркөм өнөрүнө карышкырдын бейнесин кан тамырдай таратышкан, тулку бойлоруна сиңиришкен, а түгүл азыркы XXI кылымда да бөрүлөрдү ураандарына кошкон, туу—желектерине коюшкан партиялар, кыймыл—

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com

дар, башка бир уюмдар кездешет. Азыркы Монголиянын аймагынан байыркы түрктөргө таандык жарымы (баш жагы) карышкыр, жарымы адам болгон таш эстелик айкелдер табылган, бул да болсо түрктөрдүн өз тотемдерине кандай мамиле кылгандыгын айгинелейт.

## АДАБИЯТТАР

АБРАМЗОН С.М.,(1999), Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. Б.: «Кыргызстан—Сорос» фонду,

БАТЫРКУЛОВ Т. **Кары бөрү кантип жансактады?** //Кутбилим, 1999, 24—апрель.

ГУМИЛЕВ Л.Н.,(1993), **Древние тюрки**. М.

САРЫПБЕКОВ Р., **"Манас" эпосундагы баатырдык мотивдердин эволюциясы**. Ф., 1987

СЫДЫКБЕКОВ Т.,(1989), **Көк асаба**. Ф.: "Адабият".

ЦИРУЛЬНИКОВ А., (2001), **Нельзя убивать снежного барса**.//Первое сентября, 20—января.

PDF created with FinePrint pdfFactory Pro trial version http://www.pdffactory.com